**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

# БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XVI–СЕССИЯСЫНЫН КҮН ТАРТИБИ

**Өткөрүү убагы : « 30 » сентябрь айы 2025 ж. саат 10.00**
**Өткөрүлүүчү жер : Мэриянын кичи залы**

1. **№77** Орто мөөнөттүк мезгилге (2026-2027-2028 жылдарга) түзүлгөн жергиликтүү бюджеттин долбоору жөнүндө
2. **№78** Балыкчы шаардык билим берүү бөлүмүнүн 2024-2025-ж.аткарылган иштери жана жаны окуу жылына даярдыктары жөнүндө отчёттук маалыматы, шаар аймагындагы мектеп бала бакчалардын даярдык иштеринин абалы

   Күз-кыш мезгилине даярдык тууралуу

3. **№79** “Балыкчы жылуулук менен жабдуу ” муниципалдык ишканасынын 2025-2026 жылдагы от жагуу мезгили боюнча маалыматы. Билим берүү тармагынын жылуулук менен камсыздоо ремонт иштеринин даярдыгы жөнүндө. Күз-кыш мезгилине даярдык тууралуу
4. **№80** Балыкчы шаардык кеңешинин алдындагы экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясынын чечими жөнүндө.
5. **№81** Балыкчы шаарынын алдынкы женишке жетишкен спортчуларын бир жылда бир жолу сыйлоо жөнүндө жобосу жөнүндө
6. **№82** “Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы жөнүндө” жобону жокко чыгаруу жөнүндө

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

**ТОКТОМ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**XVI–СЕССИЯСЫ**

**2025-жылдын 30- сентябрь айы №77**

**Орто мөөнөттүк мезгилге ( 2026-2027-2028 жылдарга) түзүлгөн жергиликтүү бюджеттин долбоору жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин 95 беренесинин 5 пунктуна ылайык, Балыкчы шаар мэриясынын 2025—жылдын 7- августундагы 01-13/5667 кайрылуусунун негизинде шаардык Кеңештин бюджет,экономика жана салык маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын сунушун карап талкуулап, Балыкчы шаардык Кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Орто мөөнөттүк мезгилге (2026-2027-2028- жылдарга) түзүлгөн Балыкчы шаарынын жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн долбоору тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Ишкана мекеме уюмдардын жетекчилери 2026-2027-2028- жылдар ичинде бюджетке чегерүү милдеттерин аткаруу менен, салык маселерине өзгөчө көңүл буруп, өз убагында тийиштүү чара көрүүлөрү милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаарынын мэри Б.Жантаевге жана шаардык кеңештин алдындагы экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: иш кагаздарына- 1, мэрияга-1, шаардык финансы башкармалыгына-1,

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ
## БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XVI–СЕССИЯСЫ

**2025-жылдын 30- сентябрь айы №78**

**Балыкчы шаардык билим берүү бөлүмүнүн 2024-2025-ж.аткарылган иштери жана жаны окуу жылына даярдыктары жөнүндө отчёттук маалыматы, шаар аймагындагы мектеп бала бакчалардын даярдык иштеринин абалы жөнүндө**

Балыкчы шаардык билим берүү бөлүмүнүн жаңы окуу жылына карата даярдыктары жана ремонт иштеринин жыйынтыктары тууралуу депутаттык туруктуу комиссиянын сунушуна ылайык, шаардык билим берүү бөлүмүнүн жалпы аткарган жана алып барган уюштуруу иштери боюнча маалыматын угуп талкуулап , Балыкчы шаардык Кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Балыкчы шаардык билим берүү бөлүмүнүн жаңы окуу жылына карата даярдыктары жана ремонт иштеринин жыйынтыктары боюнча аткарылган уюштуруу иштери жөнүндө берген маалыматы эске алынсын.

2. Шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы Ж.С.Эсенамановага:

- мектептердин, бала бакчалардын кышка карата даярдыгы, спорттук аянтчаларын талапка ылайык ирээтке келтирүүсү, медпункттардын ишин жандандыруу, айлана тегерегин жашылдандыруу жана өрт коопсуздугу боюнча алдын алуу иш чараларына көңүл буруу тапшырылсын;

- мектеп окуучуларынын билим сапатын жогорулатуу боюнча комплекстүү иш чараларды түзүү менен кадрдык тандоолорду жүргүзүү сунушталынсын

- бала бакча, мектептердеги тамактануусу белгиленген норма менен камсыз кылынышын, мектепке чейинки балдарды даярдоонун деңгээлин, тарбиячылардын жоопкерчиликтерин жогорулатуу сунушталынсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин алдындагы социалдык өнүгүү, укук коргоо, мыйзамдуулукту сактоо, мандат, депутаттык этика жана регламент маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жана мэриянын аппарат жетекчиси Э.Ж.Соурбаевге тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: Иш кагаздарына-1, мэрия -1, БББ -1, ММК-1

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ
# БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XVI–СЕССИЯСЫ

**2025-жылдын 30- сентябрь айы №79**

**“Балыкчы жылуулук менен жабдуу ” муниципалдык ишканасынын 2025-2026 жылдагы от жагуу мезгили боюнча отчеттук мааламаты жөнүндө**

“Балыкчы жылуулук менен жабдуу ” муниципалдык ишканасынын жетекчиси- М.К. Мамадалиевдин берген отчёттук маалыматынын Муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык комиссиясынын протоколдук сунушунун карап, талкуулап, шаардык Кенештин кезектеги сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. “Балыкчы жылуулук менен жабдуу ” муниципалдык ишканасы шаарыбыздагы көп кабаттуу үйлөрдүн жылуулук менен камсыздалынышы жөнүндө маалыматы эске алынсын.

2. Жылуулук” ишканасынын директору- М.К. Мамадалиевге
- шаардагы отканаларга мазут жана көмүр менен камсыздоого тийиштүү чара көрүү жана үзгүлтүккө учуратпоо иш чаралары милдеттендирилсин.
- жылуулукка кошулбаган көп кабаттуу үйлөрдү кошуу боюнча жана көп кабаттуу үйлөрдүн эшик терезелерин орнотуу,үйлөрдү жылуулоо тууралуу түшүндүрүү иш чараларын жүргүзүү сунушталынсын.
- жаңы салынып жаткан отканаларды ишке берүү боюнча мэрия менен комплекстүү иш алып баруу сунушталынсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаар мэринин орун басары- Н.Турсунбековго жана кеңештин алдындагы муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссияга тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

---

Жиберилди: шаардык кенешине- 1, мэрияга-1, “Балыкчы жылуулук менен жабдуу ” МИ-1

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ
# БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XVI–СЕССИЯСЫ

**2025-жылдын 30- сентябрь айы №80**

**Балыкчы шаардык Кеңешинин алдындагы экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясынын чечими жөнүндө**

Балыкчы шаар мэриясынын кайрылууларынын негизинде, Балыкчы шаардык кеңешинин алдындагы экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына келип түшкөн кайрылуулардын негизинде комиссиясынын сунушун карап, талкуулап, шаардык Кеңештин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Балыкчы шаарынын жергиликтүү бюджетинин кирешелер бөлүгүнүн алты (6) айдын ашыкча аткарылышынын эсебинен, Балыкчы шаардык билим берүү бөлүмүнө кыш-күз мезгилине даярдык көрүүгө 1623735 сом акча каражаты “Балыкчы жылуулук менен жабдуу ” МИ бөлүнүп берилсин.

2. Балыкчы шаарынын жергиликтүү бюджетинин кирешелер бөлүгүнүн алты (6) айдын ашыкча аткарылышынын эсебинен шахмат боюнча турнир өткөрүүгө 50,0миң сом акча каражаты Балыкчы шаардык спорт жана дене тарбия бөлүмүнө бөлүнүп берилсин

3. Балыкчы шаарынын мэриясына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иш алып баруу тапшырылсын

4. Бөлүнгөн акча каражатынын суммасын белгиленген максатта пайдалануу, координациялоо жана маалымат берүү жагын КР финансы Министрлигинин Балыкчы финансы башкармалыгынын начальниги - К.Кожомбердиевге тапшырылсын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаарынын мэри Б.Жантаевге жана шаардык кеңештин алдындагы экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: иш кагаздарына- 1, мэрияга-1, шаардык финансы башкармалыгына-1,

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ
# БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XVI–СЕССИЯСЫ

**2025-жылдын 30- сентябрь айы №81**

**Балыкчы шаарынын алдынкы женишке жетишкен спортчуларын бир жылда бир жолу сыйлоо жөнүндө жобосу жөнүндө**

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 20-августсентябрындагы № 01-13/6101 каты жана Балыкчы шаардык балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинин кайрылуусуна ылайык, жаштар саясаты, туризм спорт жана экология маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясынын сунушун карап, талкуулап, Балыкчы шаардык кенешинин кезексиз сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Балыкчы шаарынын алдынкы женишке жетишкен спортчуларын бир жылда бир жолу сыйлоо жөнүндө жобосу тиркемелери менен бекитилсин.
2. Балыкчы шаардык Кенешинин XXVIII чакырылышынын XXV сессиясы менен 22-апрель 2024-жылы кабыл алган Балыкчы шаардык Кенешинин XXVII чакырылышынын XXVI сессиясынын 17-декабрь 2019-жылы кабыл алган “Олимпиада оюндарынын, Дүйнөлүк жана Азия чемпионаттарында катышып байгелүү орундарга ээ болгон спортсмендерге жана машыктыруучуларга жергиликтүү бюджеттен сыйлоо боюнча жобосу тууралуу № 6/4 токтомуна өзгөртүү толуктоо киргизүү жөнүндө № 1 токтому жокко чыгарылсын
3. Бекитилген жобонун негизинде ар жыл сайын жыл жыйынтыгы менен шаар мэриясынын, депутаттык туруктуу комиссиянын протоколдук чечимине ылайык жергиликтүү бюджеттен бөлүнө турган акча каражаттарын камсыздоо жагын Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Балыкчы башкармалыгынын начальниги К.Ш. Кожомбердиевге тапшырылсын.
4. Балыкчы шаардык кеңешинин мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук актыны, ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн областтык юстиция башкармалыгына жиберилсин, массалык- маалымат каражаттарына жарыялансын.
5. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жаштар саясаты, туризм спорт жана экология маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жана жана мэриянын аппарат жетекчиси Э.Ж.Соурбаевге тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, Спорт-бөлүмү -2, ММК.-1, мам.каттоо-2

**БЕКИТИЛДИ**

**Балыкчы шаардык Кеңешинин XXIX чакырылышынын XXVI сессиясынын № 81 токтому 1- тиркеме**

**__________ _Д.Аманалиев**

**30-сентябрь 2025-ж.**

**Балыкчы шаарынын алдынкы жеңишке жетишкен спортчуларын бир жылда бир жолу сыйлоо жөнүндө жобосу**

Бул Жобо Улуттук спорттун түрлөрү, Азия оюндарынын, Дүйнөлүк жана Азия чемпионаттарынын, Кыргыз Республикасынын Чемпионаты, Олимпиадалык жана Олимпиадалык эмес, Паралимпиадалык оюндар, “Мен Чемпион”, “Мектеп лигасы” Республикалык баскычы мелдештеринде байгелүү орундарына ээ болгон спортсмендерди жана окутуп тарбиялаган машыктыруучуларын сыйлоо жөнүндө.

## 1. Жалпы Жобо

1.1 Бул жобо Балыкчы шаарынын атуулдарын сергек жашоого, кылмыштуулукка каршы үндөөгө, дене тарбия жана спортко кызыктыруу менен чоң спортко алып чыгуу максатында жана алардын эсебин алуу, сыйлоо тартибин иретке келтирүү, ошондой эле шаар спорт тармагын өнүктүрүп өстүрүү үчүн түзүлдү.

1.2. Улуттук спорттун түрлөрү, Азия оюндары, Дүйнөлүк жана Азиялык чемпионаттары Олимпиадалык түрү боюнча Кыргыз Республикасынын чемпионаты, Олимпиадалык жана Олимпиадалык эмес, Паралимпиадалык оюндар, студенттер арасында дүйнөлүк универсиада, “Мен Чемпион”, ”Мектеп лигасы” Республикалык баскычы мелдештеринде байгелүү (1, 2, 3-орунга) ээ болгон жеңүүчүлөрүн жана машыктыруучуларын сыйлоого колдонулат.

1.3 Балыкчы шаарынын спортсмендерин, машыктыруучуларынын ишин баалоо тартибин, шаар спорт тармагына кошкон салымын жана жол жобосун аныктайт.

1.4. Бул жобону колдонуу Балыкчы шаарынын машыктыруучуларынын жана спортсмендерининин ишинин жыйынтыгын баалоо менен шаардын курама-командасынын мүчөсү болгон бардык машыктыруучуларына жана спортсмендерине колдонулат.

1.5. Жеңишке ээ болгон спортсмендердин жаш курагы 13-жаштан жогору болуусу шарт (Паралимпиада спортчулары 8-жаштан жогору болот) жана машыктыруучуларды, спортчуларды сыйлоо Балыкчы шаардык кеңеши бекитип берген акча каражатка ылайык Балыкчы шаар мэриясынын макулдугу

менен шаардык Балыкчы шаардык дене тарбия жана спорт бөлүмү аркылуу жүргүзүлөт.

1.6. Сыйлоого каралуучу мелдеш, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттиги же Улуттук олимпиадалык комитети тарабынан таанылган жана календардык иш-планында болуусу зарыл. Спортсменди сыйлыкка, грамотага сунуштоо үчүн спортсмендин машыккан спорт мектебинен Балыкчы шаардык дене тарбия жана спорт бөлүмүнөн жана спорттун түрү боюнча тийиштүү федерациясынан сунуштаган протоколдук кеңешмеси, мелдешке барып келгендиги тууралуу тактамасы болуусу зарыл. (Коммерциялык оюндар кирбейт)

1.7 Жеңүүчү Балыкчы шаарынын курама-командасынын мүчөсү болуусу шарт.

Балыкчы шаарындагы спорт мектебинде машыккандыгы тууралуу спорт мектеби тарабынан берилген тактама.

Балыкчы шаардык дене тарбия жана спорт бөлүмү тарабынан тактама.

1.8. Машыктыруучу акчалай сыйлык менен сыйланыш үчүн Балыкчы шаарына караштуу спорт мектептеринде же шаардык спорт федерацияларында (аталган спорттун түрү боюнча) иштөөсү зарыл.

## 2. Сыйлоо боюнча комиссиянын сандык жана сапаттык курамы

-Балыкчы шаар мэриясынын аппарат жетекчиси;
-Балыкчы шаардык депутаттар кенешинин төрагасы (макулдугу менен);
-Балыкчы шаардык каржы башкармалыгынын башчысы;
-Балыкчы шаардык Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт бөлүм башчысы;
-Балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинин директору;
-Сыйлануучу жактардын спорт мектептеринин машыктыруучу;

2.2. Сыйлоо боюнча комиссиянын отуруму, комиссиянын мүчөлөрүнүн кеминде үчтөн экиси катышса мыйзамдуу болуп эсептелет. Комиссиянын жок болгон мүчөсүн алмаштырууга жол берилбейт.

## 3. Комиссиянын милдеттери жана максаттары.

Жобонун негизинде түзүлгөн комиссияны уюштуруу жана анын иштөөсүн камсыздоо комиссиянын катчысына жүктөлөт. Комиссия өз отурумунда төмөнкү маселелерди карайт:

Жободо каралган документтерди кароо;
Тийиштүү документтерди пайдалануу;
Жободо көрсөтүлгөн спорттук иш-чараларды, республикалык, эл аралык органдардын документтеринин категорияларын аныктоого сунуштарын жиберет;
Туура эмес документтерди актылоого жиберет;
Комиссиянын протоколдук чечимин шаардык кеңешке сунуштайт.

Олимпиада, Олимпиадалык **эмес,** Паралимпиадалык оюндар Улуттук спорттун түрлөрү Азия оюндарында, Дүйнөлүк жана Азиялык

чемпионаттарынын, ошондой эле студенттер арасында дүйнөлүк универсиаданын, “Мен Чемпион”, “Мектеп Лигасы” Республикалык баскычы мелдештеринде байгелүү орундарын ээлеген спортсмендерине, Жобонун негизинде акчалай сыйлыктын өлчөмүн мыйзам чегинде аныктоо;

Мыкты спортсменди даярдагандыгы үчүн өздүк машыктыруучусу, спортсмен сыйланган сыйлыктын пайыздык өлчөмүндө акчалай сыйлыктар менен сыйлоону сунуштоо;

Акчалай сыйлыктар шаардык жаштар иштери, дене тарбия жана спорт бөлүмүнүн сунушунун негизинде Балыкчы шаарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусу-мэрия, шаардык кенеш тарабынан сыйланат.

Спорттук этиканы (тартипти) бузгандыгы жана моралдыкката кетирилгенде сыйлануучуга сыйлык берилбейт.

Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында спорттун түрлөрү боюнча жеңүүчүлөр акчалай сыйлоо жобого тиркелген 2-тиркемеге ылайык макулдашуу менен жүргүзүлөт.

## 4. Комиссиянын милдеттери жана укуктары

4.1 Жүктөлгөн милдеттерине ылайык комиссия төмөнкү функцияларды аткарат:

Сыйлоого көрсөтүлгөн спортчунун жеңишке жеткендиги тууралуу керектүү кагаздарынын тастыктайт, керек болгон учурда тийиштүү спорттук федерациясынан, мамлекеттик органдан маалыматтарды тактайт;

Мелдештин документтеринин баалуулугун аталган маселелер боюнча ченемдик-методикалык документтердин долбоорлоруна корутунду берет;

Тийиштүү мамлекеттик мекеме менен төмөнкү макулдашууларды карайт, чечим кабыл алат:

Шаар курама-командасы боюнча мүчөлүгүн аныктайт;

Спорттук иш чаранын жобосун аныктайт;

Сыйлоо ишин башкаруунун органына документтердин категорияларын, сактоонун белгиленген мөөнөттөрүн өзгөртүү тууралуу жана белгиленбеген мөөнөттөрдү аныктоо жөнүндө сунуштарды жиберет.

4.2 Комиссиянын курамы төмөнкүлөргө укуктуу:

Өзүнүн жыйындарында документтерди даярдоонун жүрүшү, документтерди сактоо шарттары жана сактоону камсыз кылуу, документтердин жоголушунун себептери жөнүндө мекеменин түзүмдүк бөлүштөрүнүн жетекчилерин угууга;

Комиссиянын жыйындарына консультант жана эксперт катары түзүмдүк бөлүнүштөрдүн адистерин, мамлекеттик спорт кызматынын мекемелеринин, бөлөк уюмдардын өкүлдөрүн чакырууга;

Сапатсыз, шалаакылык менен даярдалган документтерди кароого кабыл албоого жана бышыктап иштеп чыгууга кайтарууга;

Мэриянын жетекчилигине комиссиянын компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча маалымат берүүгө укуктуу.

## 5. Акчалай сыйлоо

5.1. **Улуттук спорттун түрлөрү**, Азия оюндары, Дүйнөлүк, Азиялык чемпионаттары Олимпиадалык түрү боюнча Кыргыз Республикасынын чемпионаты, Олимпиадалык жана Олимпиадалык эмес, Паралимпиадалык оюндар, студенттер арасында дүйнөлүк универсиадада “Мен Чемпион”, “Мектеп Лигасы” Республикалык баскычы мелдештеринде байгелүү орунду ээлеген спортсмендер сыйлык алуу 2-тиркемеге ылайык жүргүзүлөт.
Олимпиада, Азия оюндары, дүйнөлүк жана Азиялык чемпионаттарында жана Паралимпиада оюндарында байгелүү орунду ээлеген спортсмендин машыктыруучусу спортчунун алган сыйлыгынан тышкары **50 %** (пайыздык) өлчөмүндө алууга тийиш.
5.2. Улуттук спорттун түрлөрү жана олимпиадалык эмес түрлөрү боюнча Азия оюндары, дүйнөлүк жана Азиялык чемпионаттарынын(1, 2, 3-орун) байгелүү орундун жеңүүчүлөрү 2-тиркемеге ылайык аныкталат.
Улуттук спорттун түрлөрү жана олимпиадалык эмес түрлөрү боюнча Азия оюндары, дүйнөлүк жана Азиялык чемпионаттарынын, ошондой эле студенттер арасында дүйнөлүк универсиаданын байгелүү оорунду ээлеген спортсмендин машыктыруучусу спортчунун алгаг сыйлыгынан тышкары **50 %** (пайыздык) өлчөмүндө алууга тийиш.
6.3 Ал эми жеңүүчүлөрдү акчалай сыйлоо жобого тиркелген тиркемеге ылайык жүргүзүлөт (2-тиркеме).

## 6.4 Акчалай сыйлыкка талапкерди аныктоо үчүн зарыл болгон документтердин тизмеги

- спортчунун арызы же машыктыруучунун рапорту
-мелдештин протоколу;
-акчалай сыйлыкты которуу үчүн карталык эсеп;
-паспорттун көчүрмөсү;
6.5 Акчалай сыйлыкты берүү төмөнкүдөй учурларда токтотулат;
-башка райондун, шаардын жараны болсо (прописка башка)
-тапшырган документтер так болбогондо;
-спорттук этиканы, спорт менен машыгуу режимин бузгандыгын ырастоочу документтер берилгенде;
-эл аралык мелдештерге чет мамлекет үчүн чыкканда;
-спорттук ишти токтоткондо;

6.6. Спорттун командалык түрлөрү боюнча мүчөлөрүн сыйлоо коэффициенттерине жараша жогорку тартипте жүргүзүлөт. Тиркемеде көргөзүлгөн сыйлыктар олимпиада, Азия оюндарынан сырткары 3-орунга чейин сыйланат.
7. Сыйлоо бардык спорттун түрлөрү боюнча жыл жыйынтыгы менен берилет. (4-квартал).

**2- тиркеме**

# Балыкчы шаарынын алдынкы жеңишке жетишкен спортчуларын бир жылда бир сыйлоо өлчөмү (сом)

## Спорттун олимпиадалык түрлөрү

| | Орун | Олимпиадалык түрү боюнча КР чемпионаты | | Олимпиада оюндары | Дүйнө чемпионаты | Азия оюндары | Азия чемпионаты, Борбор Азия чемпионаты | Дүйнө Униеерсиадасы | Дүйнөлүк көчмөндөр оюнда-ры | Дети Азии |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жеке (един) | Оюнчулар (игровики) | | | | | | | |
| Чондор арасында | 1-орун | ***100000*** | | ***700 000*** | ***500 000*** | ***400 000*** | ***400 000*** | ***300 000*** | ***200 000*** | |
| | 2-орун | ***60000*** | | ***500 000*** | ***350 000*** | ***300 000*** | ***300 000*** | ***200 000*** | ***150 000*** | |
| | 3-орун | ***40000*** | | ***300 000*** | ***250 000*** | ***200 000*** | ***200 000*** | ***100 000*** | ***100 000*** | |
| Жаштар | 1-орун | ***60000*** | | ***300 000*** | ***400 000*** | ***300 000*** | ***300 000*** | ***100000*** | | **100 000** |
| | 2-орун | ***40000*** | | ***200 000*** | ***300 000*** | ***200 000*** | 2***00 000*** | ***75 000*** | | **75 000** |
| | 3-орун | ***30000*** | | ***100 000*** | ***200 000*** | ***100 000*** | ***100 000*** | ***50 000*** | | **50 000** |
| өспүрүмдө | 1-орун | ***40000*** | | ***200 000*** | ***300 000*** | ***200 000*** | ***200 000*** | | | ***70 000*** |
| | 2-орун | ***30000*** | | ***150 000*** | ***200 000*** | ***150 000*** | ***150 000*** | | | ***55 000*** |
| | 3-орун | ***20000*** | | ***100 000*** | ***100 000*** | ***100 000*** | **100 000** | | | ***30 000*** |

## Спорттун олимпиадалык эмес жана улуттук спорттун түрлөрү

| Чондор арасында | **Орун** | **Олимпиадалык эмес түрү боюнча КРЧ** | **Дүйнө Чемпионаты (сом)** | **Азия Чемпионаты (сом), Борбор Азия чемпионаты** | **Дүйнө кубогу (сом)** | **Азия оюндары (сом)** |
|---|---|---|---|---|---|---|

| | | Жекече күрөш (един) | Оюнчулар (игровики) | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1-орун | 50 000 | | 100 000 | 100 000 | 100 000 | 100 000 |
| | 2-орун | 30 000 | | 75 000 | 75 000 | 75 000 | 75 000 |
| | 3-орун | 20 000 | | 50 000 | 50 000 | 50 000 | 50 000 |
| Жаштар арасында | 1-орун | 30 000 | | 75 000 | 75 000 | 75 000 | 75 000 |
| | 2-орун | 20 000 | | 50 000 | 50 000 | 50 000 | 50 000 |
| | 3-орун | 15 000 | | 30 000 | 30 000 | 30 000 | 30 000 |
| өспүрүмдөр | 1-орун | 20 000 | | 50 000 | 50 000 | 50 000 | 50 000 |
| | 2-орун | 15 000 | | 40 000 | 40 000 | 40 000 | 40 000 |
| | 3-орун | 10 000 | | 25 000 | 25 000 | 25 000 | 25 000 |

## Спорттун Паралимпиадалык оюндары

| | Орун | Олимпиадалык түрү боюнча КР чемпионаты | | Олимпиада оюндары | Дүйнө чемпионаты | Азия оюндары | Азия чемпион-аты Борбор Азия чемпионаты | Дүйнө Универсиадасы | Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары | Дети Азии |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жеке (един) | Оюнчулар (игровики) | | | | | | | |
| Чоңдор арасында | 1-орун | 100000 | | 700 000 | 500 000 | 400 000 | 400 000 | 300 000 | 200 000 | |
| | 2-орун | 60000 | | 500 000 | 350 000 | 300 000 | 300 000 | 200 000 | 150 000 | |
| | 3-орун | 40000 | | 300 000 | 250 000 | 200 000 | 200 000 | 100 000 | 100 000 | |
| 13-18 | 1-орун | 60000 | | | 400 000 | 300 000 | 300 000 | 100000 | | 100 000 |
| | 2-орун | 40000 | | | 300 000 | 200 000 | 200 000 | 75 000 | | 75 000 |
| | 3-орун | 30000 | | | 200 000 | 100 000 | 100 000 | 50 000 | | 50 000 |
| 8-12 жаш | 1-орун | 40000 | | | 300 000 | 200 000 | 200 000 | | | 70 000 |
| | 2-орун | 30000 | | | 200 000 | 150 000 | 150 000 | | | 55 000 |
| | 3-орун | 20000 | | | 100 000 | 100 000 | 100 000 | | | 30 000 |

## «Мектеп лига» Республикалык баскычы

| **Мектеп лигасы (командалык )** | **Орун** | **Төлөм суммасы** |
|---|---|---|
| Волейбол Баскетбол Футбол | I-орун | **120 000** |
| Волейбол Баскетбол Футбол | II-орун | **90 000** |
| Волейбол Баскетбол Футбол | III-орун | **70 000** |

## «Мен Чемпион» Республикалык баскычы

| **Мен Чемпион (командалык)** | **Орун** | **Төлөм суммасы** |
|---|---|---|
| Волейбол Баскетбол Футбол | I-орун | **120 000** |
| Волейбол Баскетбол Футбол | II-орун | **90 000** |
| Волейбол Баскетбол Футбол | III-орун | **70 000** |

**Эскертүү: “ Мектеп лигасы”, “ Мен Чемпион” Республикалык баскычына катышып экөөнөн тең орун алган окуучу бир эле түрүнөн акчалай сыйлык менен сыйланат.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ
# БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XVI–СЕССИЯСЫ

**2025-жылдын 30- сентябрь айы №82**

**“Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы жөнүндө” жобону жокко чыгаруу жөнүндө**

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 10-сентябрындагы № 01-13/6733 каттагы кайрылуусунун негизинде Балыкчы шаардык Кеңешинин курулуш, архитектура, муниципалдык менчик коммуналдык чарба жана өнөр жай, транспорт, ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясынын сунушун карап, талкуулап Балыкчы шаардык Кеңешинин кезексиз сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Балыкчы шаарынын Кеңешинин 2017-жылдын 3-августундагы XXVII чакырылышынын XI-сессиясынын №4 токтому менен бекитилген Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы жөнүндө Жобосу жокко чыгарылсын.

2. Балыкчы шаарынын мэриясына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иш алып баруу тапшырылсын.

3. Балыкчы шаардык кеңешинин мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук актыны, ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн областтык юстиция башкармалыгына жиберилсин, массалык- маалымат каражаттарына жарыялансын.

4. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы курулуш, архитектура, муниципалдык менчик коммуналдык чарба жана өнөр жай транспорт, ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэри Б.Жантаевге тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: шаардык кенешине- 1, мэрияга-1, шаардык финансы башкармалыгына-1,

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

**ТОКТОМ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**XVI–СЕССИЯСЫНЫН ПРОТОКОЛДУК ТАПШЫРМАСЫ**

**2025-жылдын 30- сентябрь айы**

1. Балыкчы шаардык билим берүү бөлүмүнүн жаңы окуу жылына карата даярдыктары жана ремонт иштеринин жыйынтыктары боюнча аткарылган уюштуруу иштери жөнүндө берген маалыматы эске алынсын.

2. Балыкчы шаарындагы мектептердин жанында жана ичиндеги мыйзамсыз коммерциялык ишмердүүлүктөр токтотуу боюнча иш алып барылсын.

3. Шаардык СЭС менен чогуу шаардык мэрия комиссия түзүп, сертификаты жок сатылган, балдарга зыян заттарды сатуу жагы көзөмөлдөө тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: шаардык кенешине- 1, мэрияга-1, БББ-1